КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ

ТОҢ РАЙОНУ
КӨК-МОЙНОК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
КОК-МОЙНОКСКОГО
АЙЫЛНОГОАЙМАКА

**Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII чакырылышы**

# ТОКТОМ

2023-жылдын 25-декабры № 57 Ак-Өлөң айылы

## Жер аянтын которуу ( трансформациялоо) жөнүндө

Көк-Мойнок айыл аймагына инвестиция тартуу жана калкты жумуш менен камсыз кылуу максатында Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын сөздөрүн угуп жана талкуулап, Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Көк-Мойнок айыл аймагына инвестиция тартуу жана калкты жумуш менен камсыз кылуу максатында Көк-Мойнок айыл аймагынын Ак-Өлөң айылындагы "Боз-Бармак " участкасынан №218 контурда жайгашкан жайыт түрүндөгү жалпы 320,3гектар жер аянтынын ичинен 3,84 гектар, "Ак-Жал" участкасынан №1322контурда жайгашкан жайыт түрүндөгү 309,3гектардын жер аянтынын ичинен 6,40 гектар жер тилкеси, бардыгы 10,24 гектар жер тилкесин канаттууларды өстүрүү максатында фермаларды куруу үчүн "Өнөр-жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга макулдук берилсин.
2. Жерди трансформациялоо боюнча иш алып баруу жагы Көк-Мойнок айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3. 10,24 гектар жайыт түрүндөгү жер аянтын "Өнөр-жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которуу (трансформация) жагы Тоң райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

Төрага С. Д. Байбосунов